Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

**Баткен мамлекеттик университети**

# Окуу маалымат департаментинин 2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча ОТЧЕТУ




*Баткен – 2021-ж.*

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

## Жалпы маалыматтар

**Баткен мамлекеттик университети (БатМУ) - Кыргыз Республикасынын Президентинин 25.07.2000-ж. № 190 Жарлыгы** менен Ош мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя филиалынын, Ош технологиялык университетинин Кызыл-Кыя филиалынын, Ош технологиялык университетинин Сүлүктү филиалынын, Ош мамлекеттик университетинин Сүлүктү филиалынын, Оштогу жогорку педагогикалык колледжинин Сүлүктү филиалынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Баткендеги окуу-консультативдик пунктунун базасында башкы мекемеси Баткен шаарында жайгашуу менен түзүлгөн.

БатМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 22-февралындагы № 3 протоколунун негизинде БатМУнун ректорунун 2021-жылдын 9-мартындагы № 03-03/33 буйругуна ылайык төмөнкү окуу-түзүмдүк бөлүмдөрдүн аталыштары: Кызыл-Кыя гуманитардык институту - Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту, Сүлүктү аймактык институту - Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту, Кызыл-Кыя көп тармактуу институту - Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институту болуп өзгөргөн. Азыркы учурда БатМУнун түзүмүндө 3 институт (Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту, Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институту) жана 2 колледж (Сүлүктү педагогикалык колледжи жана БатМУнун көп тармактуу колледжи) өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө.

БатМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 22-февралындагы № 3 протоколунун негизинде Баткен мамлекеттик университетинин түзүмү кайрадан каралып, аткарылуучу иштерди оптималдаштыруу максатында бир нече бөлүмдөр түзүлдү.

## Окуу, окуу-усулдук иштер

2020-2021-окуу жылында Баткен мамлекеттик университети күндүзгү жана сырттан окутуу формаларынын негизинде **14** жогорку кесиптик, **21** орто кесиптик билим билим берүү программалары боюнча кадрларды даярдады. Өткөн окуу жылында **5** жогорку кесиптик билим берүү программасы боюнча магистратурага лицензия алынды жана 2021-2022-окуу жылында кабыл алуу пландалууда.

Окутуу бюджеттик жана келишимдик негизде жүргүзүлүп, окуу наркы тийиштүү антимонополиялык жөнгө салуу органы тарабынан бекитилген, б.а. жогорку кесиптик билим берүү программаларына кирген студенттер үчүн окутуунун баасы орто эсеп менен төмөнкүдөй: Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн күндүзгү окутуу формасында окугандар - **30 533 сом**, чет өлкөлүк студенттер - **31 967 сом**, сырттан окутуу бөлүмү үчүн Кыргыз Республикасынын жарандары - **25 867 сом**, чет өлкөлүк студенттер - **27133 сом**, ал эми орто кесиптик билим берүү программаларына кирген студенттер үчүн: күндүзгү окутуу формасында окугандар Кыргыз Республикасынын жарандар – **16 900 сом**, чет өлкөлүк студенттер – **17 700 сом**, сырттан окуу бөлүмдөрүндө окугандар Кыргыз Республикасынын жарандары – **14 400 сом**, чет өлкөлүк студенттер – **15 000 сом** төлөйт.

2020-21-окуу жылында жогорку кесиптик билим берүү программаларында күндүзгү окутуу формасында - **2323** студент билим алууда, анын ичинен **368** студент - бюджеттик негизде, сырттан окутуу формасында - **7152** студент, ал эми орто кесиптик

билим берүү программаларында күндүзгү окутууда - **1381** студент, анын ичинен бюджеттик негизде - **137** студент, сырттан окутуу формасында - **1105** студент билим алууда, жалпы студенттердин саны – **11 961ди** түздү.

БатМУ 21 жылдан бери Баткен областынын аймагында жайгашкан ишкана-мекемелерди мыкты даярдыктагы кадрлар менен камсыздоодо чоң роль аткарат.

2020-2021-окуу жылында, **92** студент жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча бюджеттик негизде, **1309** студент келишимдик негизде, орто кесиптик билим берүү программалары боюнча бюджеттик негизде **50** студент, контракттык негизде **566** студент кабыл алынган. 2019-2020-окуу жылында жалпы **874** (күндүзгү бөлүмдө: бюджеттик негизде - **76**, контракттык негизде - **160**, сырттан - **638**) бүтүрүүчү жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча, ал эми орто кесиптик билим берүү программасы боюнча күндүзгү окутууда - **523**, анын ичинен бюджеттик негизде - **21**, сырттан окутуу боюнча - **264** бүтүрүүчү, жалпы **787** бүтүрүүчү окууну аяктаган.

Университетте жогорку квалификациялуу окутуучулар жамааты бар. 2020-2021-окуу жылында жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларындагы дисциплиналарды окуткан профессордук-окутуучулар курамынын жалпы саны **302ни** түздү, анын ичинен: **5** илимдин доктору, профессор (мед.и.д., профессор Тухтаев Т.М., ф.-м.и.д., профессор М.М. Тайиров, техн.и.д., профессор Зулпуев А.М., э.и.д., профессор Примов Э.Б. жана э.и.д., доцент Гыязов А.Т.), **13** илимдин кандидаты, доценттер, **39** илимдин кандидаттары, ага окутуучулар, **4** магистр, **117** ага окутуучулар жана окутуучулар бар. Азыркы күндө **23** изденүүчүлөр диссертациялык изилдөө иштеринин үстүндө жигердүү иш жүргүзүп жатышат. Ал эми орто кесиптик билим берүү программасы боюнча 129 окутуучу эмгектенүүдө.

БатМУнун профессордук-окутууулар курамы жана студенттер үчүн окутуу процессинде компьютердик технологияларды (ОПМКТ) колдонууну үйрөтүү максатында төмөнкүдөй аталыштагы онлайн окутуулар уюштурулду:

- 2020-жылдын 8-сентябрь күнү “Кайтарым байланышты уюштуруунун эффективдүү каражаттары” (онлайн тест түзүү каражаттары), тренер Жамшутова Б.;
- 2020-жылдын 9-сентябрь күнү “Google classroom - асинхрондуу окутуунун инструменти катары”, Google forms, тренер Исмаилова А.;
- 2020-жылдын 10-сентябрында “Видео жана аудио жазууларды даярдоонун жолдору жана Youtube каналында жайгаштыруу”, тренер Асанова С.;
- 2020-жылдын 11-сентябрында “Коллективдүү онлайн иштөөнүн жолдору. Google Drive программасында иштөөнүн 35 мүмкүнчүлүгү”, тренер Бекмурзаева Б.;
- 2020-жылдын 14-сентябрында “Синхрондуу онлайн байланышуу үчүн каражаттарды колдонуу” (Zoom), спикер-тренерлер: Базиева А., Шеров Ш.Б.

2021-жылдын 17-майында Баткен мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулар жамааты, бүтүрүүчүлөр менен Баткен аймагындагы мамлекеттик мекеме-ишканалардын өкүлдөрүнүн катышуусунда бүтүрүүчүлөрдү жумушка тартуу максатында **“ТАТЫКТУУ ИШКЕ КАДАМ!”** аталышындагы жолугушуу болуп өттү.

Жолугушууга БатМУнун ректору, э.и.д., профессор А.Т.Гыязов, “РСК Банк” ААКнун Баткен шаарындагы филиалынын башчысы Р.Т. Ибрагимова, Баткен облустук сотунун төрагасы С.Т.Мусаев, Баткен райондук сотунун төрагасы Р.Б.Оморов, КРнын

Юстиция министрлигинин алдындагы пробация департаментинин Баткен району боюнча пробация кызматынын адиси Т.А.Чакаев, Баткен областтык усулдук борборунун директору М.Айжигитова, Баткен шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы А.А. Акматбеков, Баткен райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы О.К. Мажилимов, Кызыл-Кыя шаардык Билим берүү бөлүмүнүн башчысы Д.Д. Матосмонова, Сүлүктү шаардык Билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси А.Амировалар катышып, учур талабына ылайык кадрларды даярдоо жана бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу боюнча кыскача маек куруп, билим берүүнүн мазмунун оптималдаштырууга сунуштарын беришти.

Билим берүү программаларын жана окуу жайларын аккредитациялоо агенттиги (ААОПО) тарабынан 2021-жылдын 4-5-февралында “Билим берүү программаларын жана окуу жайларын өздүк баалоону өткөрүү” аттуу семинарына 67 окутуучу катышып, сертификат алышты.

Россия Федерациясынын К.Минин атындагы Нижегород мамлекеттик педагогикалык университети менен түзүлгөн келишимдин негизинде 12-апрелден 16-апрелге чейин “Русская филология” деген темада кошумча кесиптик программа боюнча квалификациясын жогорулатуу семинары өтүп, ага 98 окутуучу, 58 студент катышты. Семинарга катышкан окутуучуларга Күбөлүк, студенттерге Сертификат тапшырылды.

2018-19-, 2019-20-окуу жылдарында Баткен мамлекеттик университетинин окуу-түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бир нече билим берүү программалары “Эл баасы” көз карандысыз аккредитациялык агенттиги тарабынан программалык аккредитациялоодон өткөн, ал эми быйылкы окуу жылында 2021-жылдын 10-11-июнунда ААОПО Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги тарабынан программалык аккредитациялоодон өткөрүлдү жана ААОПО агенттигинин 2021-жылдын 17-июнундагы «Баткен мамлекеттик университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүүпрограммаларын көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыгы жөнүндө» № 3/21/03 буйругуна ылайык 20 жогорку кесиптик жана 13 орто кесиптик билим берүү программалары боюнча 5 жылга, ал эми 2 жогорку кесиптик жана 1 орто кесиптик билим берүү программалары боюнча 3 жылга программалык аккредитациядан өткөндүгүн тастыктаган сертификаттар берилди.

**Материалдык-техникалык база боюнча маалымат**

Окуу процесси БатМУнун 17 (он жети) окуу корпустарында жүргүзүлөт, окуу-лабораториялык аудиториялары окутуунун заманбап техникалык каражаттары менен жабдылган, окуу-өндүрүштүк устаканалар, китепканалар, музейлер, 150 орундуу жатакана, 6 медпункт, о.э. 8 заманбап стандарттык спорттук залы, 4 стадиону бар. Имараттардын бардыгынын окуу жараянын уюштурууга жарактуу экендигин тастыктаган тиешелүү органдардын бүтүмдөрү бар.

Кесипкөй адистерди даярдоо үчүн университетте бардык шарттар түзүлгөн:

- заманбап техникалык каражаттар, интерактивдүү доскалар менен жабдылган;
- атайын адистештирилген окуу лабораториялары, кааналары, Интернет түйүнүнө туташтырылган компьютердик класстар, спорттук зал, аянтчалар ж.б. бар.

Ошондой эле ЮСАИДдин каржылоосу менен “Коммерциялык эмес уюмдарды башкаруу” курсун окутуу боюнча БатМУнун Башкы мекемесинин жана структуралык бөлүмдөрүнүн базасында экономикалык-ресурстук борбор ачылып, онлайн байланышы

боюнча Башкы мекемеге, Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарларына жалпы суммасы **40 000 $** болгон каражаттар менен жабдылган материалдык техникалык база түзүлгөн.

Кыргызстандагы АКШнын Элчилиги жана Баткен мамлекеттик университетинин ортосунда түзүлгөн жаңы меморандумга кол коюлуп, АКШ Элчилигинин колдоосу астында БатМУнун башкы мекемесинде Баткен Америка Ресурстук борборунун салтанаттуу ачылыш аземи болду. Долбоордун жалпы суммасы **25 000 $ USD**, ал АКШнын КРдагы Элчилиги тарабынан каржыланып, ийгиликтүү ишке ашырылды. Баткен АРБ – бул жаңыланган жана заманбап борбор, англис тилин үйрөнүү жана окутуу үчүн Интернетке, окутуунун технологияларына, окуу куралдарына, башка ресурстарга жана материалдарга акысыз жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

Жалпы БатМУнун компютердик-техникалык базасын жаңылоо үчүн 12 150 000 сомдук тендер жарыяланып, жеңүүчүлөр аныкталып, келишимдер түзүлүп, сатып алууну ишке ашыруу боюнча жеңүүчүлөр компьютердик техникаларды жеткирип беришти.

Тажикстан менен чектеш жердеги чыр-чатакта үй-бүлөлөрү жапа чеккен **20 студент** окуу үчүн контракттык суммасын төлөөдөн 100% бошотулду.

***Баткен мамлекеттик университетинин***
***Окуу-маалымат департаментинин башчысы,***
***э.и.к., доцент:*** ***Борубаева Г.Н.***